КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК КОМИССИЯСЫ

ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

723510, Ош шаары, Ленин коч. 221
тел./факс 5-53-44

723510, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

# ЧЕЧИМ № 22/4

2021-жылдын 4-июлу — Ош шаары

Катышышты:
Ош АШКнын төрагасы: Аттокуров У.Т.

мүчөлөрү :
Ысмаилова Б. А.
Айтбаева Ж.С.
Жумабаев Т.Ы.
Шаванов Т.К.
Ахматова Г.
Эрмеков К.К.
Эркинов А.Ч.
Зарипбек у.Б.

1. **Мусаева Сыргайым Капаровнанын үстүнөн КР Бузуулар жөнүндөгү Кодексинин 45-беренесинин негизинде чара көрүү боюнча.**

**Угулду:** Ош АШКнын төрагасы У. Аттокуров – Урматтуу кесиптештер, Ош аймактык шайлоо комиссиясы 2021-жылдын 12-июнь күнү №1 саны менен чыгыштап, “Ош шаар суу канал” муниципалдык ишканасынын начальнигинин орун басары Байкишиев Талант “Манас Ата” аймактык башкармалыгынын үй башчыларына 5000 сом акча каражатын таркатып жаткандыгы боюнча маалыматты Ош шаардык ички иштер бөлүмүнө жөнөткөн.

Бул факты боюнча Ош шаардык ички иштер бөлүмү териштирүү жүргүзүп, жыйынтыгын жөнөттү.

Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн маалыматында 5000 сом акча таркатылып жатат деген маалыматты Илиязова Лайликан бергендиги, ага көз тааныш болгон Мусаева Сыргайым Капаровна телефон аркылуу кабарлагандыгын билдирген. Л.Илиязова менен С.Мусаеванын беттештирүү учурунда С.Мусаева аталган маалыматты Л.Илиязовага айтпагандыгын жана шайлоо жөнүндө сүйлөшпөгөндүгүн билдирген.

С.Мусаева 12-июнь күнү саат 17.33 минутада өзүнө таандык болгон номер аркылуу Л.Илиязованын телефонуна чалуу болгондугу аныкталган.

Т.Байкишиев өз көрсөтмөсүндө эч кандай акча каражатын таркатпагандыгын билдирген.

С.Мусаева өзүнүн кыймыл аракети менен талапкер Т.Байкишиев тууралуу билип туруп, жалган маалымат тараткан.

03-041-2021-001145 сандуу сотко чейинки өндүрүш иши, кылмыштын курамы жок болгондугуна байланыштуу өндүрүштөн кыскартылган.

Сканировано с CamScanner

С.Мусаеванын үстүнөн КРнын Бузуулар жөнүндө Кодексинин 45-беренесинин ...инде чара көрүү үчүн материалдардын көчүрмөсү Ош аймактык шайлоо комиссиясына ...өтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Бузуулар Кодексинин 45-беренесинде "Депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкер жөнүндө талапкердин ар-намысын же кадыр-баркын жаманатты кылган маалыматтарды билип туруп таратуу 6-категориядагы айып пул салууга алып келет" деп көрсөтүлгөн.

Жогорудагылардын негизинде, С.Мусаева талапкер жөнүндө жалган маалыматты таркаткандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Бузуулар Кодексинин 45-беренеси боюнча 6-категориядагы айып пул салуу боюнча сунуш добушка коюлду.

**Макул – 9** **Каршы – жок**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Ош аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап**

**Чечим кылат:**

1. Мусаева Сыргайым Капаровна талапкер жөнүндө жалган маалыматты таркаткандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Бузуулар Кодексинин 45-беренеси боюнча 6-категориядагы айып пул салынсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Аттокуров У.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын катчысы:** **Буранова Е.**

Сканировано с CamScanner